ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**БЕЙШЕНАЛИЕВ А.М.**
**nbknu@mail.ru**

# ФЕТХУЛЛАХ ГҮЛЕНДИН ТААЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ КӨЗ КАРАШТАРЫ

Заманыбыздын улуу ойчулу, коомдук ишмер, педагог, белгилүү теолог жана жазуучу, учурдун эң көрүнүктүү инсандарынын бири М. Фетхуллах Гүлендин калеминен жаралган 70 тен ашуун китептери, 7000 ден ашуун макалалары жана жүздөгөн илимий конференциялары ондогон тилдерге которулуп, дүйнөлүк коомчулукта чоң кызыгууну жаратууда. Анын идеяларынын негизинде дүйнөнүн 140 мамлекетинде ачылган: эки миндин тегерегиндеги мектептер, билим беруу борборлору, ондогон жогорку окуу жайлары, 16 басма үйү, ооруканалар, ишкерлер бirимдиктери ишмердүүлүк жүргүзүп, алардын ишмердүүлүгүнүн мазмунун, багыттарын изилдөө менен учурда жүздөгөн илимпоздор алек болуп жатышканы чындык. Бир да мамлекеттин казынасынан колдоо күтпөстөн камкор, кайрымдуу адамдардын материалдык жана моралдык жардамдары аркылуу адамзатка кызмат кылуу үчүн турмуштун ар түрдүү багыттарында арбын иш-аракеттерди жүргүзүп жатышкан, келечек ээлерин тарбиялоодо Гүлен аксакалдын чакырыгын чын дилден колдоп, жолун жолдогондордун аракетин дүйнө коомчулугу жана илимий чөйрө «Гүлен кыймылы» же «Кызмат кыймылы»[1] деп аташты.

Америка кошмо штаттарында 1970-жылдан тартып жарык көрүп келе жаткан белгилуу «Foreign Policy» журналы менен Англиянын белгилуу «Prospect» журналы тарабынан 2008-жылы дүйнөнүн эң атактуу 100 интелектуал инсанын тандап алуу үчүн анкета жургузулуп, 500.000 ден ашуун адам катышкан. Бул анкетада ар кайсы тармактан улуу ойчулдар, жазуучулар, коомдук ишмерлер, илимпоздор сыяктуу жалпы дүйнөгө аттын кашкасындай таанымал 100 ысым коюлган. Натыйжада дүйнө коомчулугу Фетхуллах Гүленге эн көп баа берип, 1 орунду ээлеген.[2]

М. Фетхуллах Гүлен көптөгөн чыгармаларында жана сүйлөгөн сөздөрүндө «Идеалдуу инсан» (билим, тарбия, адеп – ахлактык жактан төп келишкен личность), «Жер бетинин мураскорлору» жана «Алтын урпак» сыяктуу аталыштар менен өзүнүн кыялында болгон эртенки күндүн келечек ээлерине токтолот.

Гүлен аксакалдын ой-пикирлеринин негизинде ачылган мектептердин башкы максаттарынын бири-дал ушул илимий жана руханий баалуулуктарга ээ келечек ээлерин тарбиялоо. Бул урпактарда: өзүмчүлдүк эмес, башкалар үчүн жашоону көздөө, дүйнөгө жана жаратылышка акыл-эстүү мамиле кылуу, илим-билимге сугарылгандык, жүрөктөрүндө жогорку ыйман, жүрүш-турушатарында адеп-ахлак, эркиндик, чынчылдык, айкөлдүүлүк калыптанышы керек. Өз алдынча изденуу, башкалар менен акылдашуу, кеңешүү сапаттары бар, таза ойлуу, жогорку маданияттуу атуулдардан турган уникалдуу коомдук түзүлүштү ким эңсебейт.

Америкалык социолог Джим Керроллозу өзүнүн изилдөөсүндө Фетхуллах Гүлендин билим берүүгө болгон көз караштарын тарыхтагы белгилүү инсандар Конфуцийдин(1) жана Эфлатундун(2) көз караштары менен салыштырган. Конфуций жана Эфлатун жогорудагы сапаттарга ээ болгон жаштардын бийлик бутактарына келиши аркылуу коомду жакшы жакка өзгөртүүгө болот деп белгилешсе, улуу ойчул М.Ф. Гүлен мырза мындай тарбияга ээ болгон урпактар коомдун ар кыл тармактарына сиңип, эл менен жуурулушуп, таза коомду түзүүгө негиз болушу керек дейт. Айрыкча, бул урпактардын саясаттан алыс болуусун баса белгилейт.

---

[1] Carroll..J. “Adialogueofcivilizations: GulensIslamicidealsandhumanisticdiscourse”. The Light, Sommerset, NJ 2007

[2] “Foreign Policy” журналы 2008-жыл. Вашингтон

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Билим беруу маселесине өзгөчө этияттык менен мамиле жасап, терең маани берг[illegible] М.Ф. Гүлендин пикири боюнча инсан: рух, акыл жана денеден турган жандык, демек, ушул үч фактор тен бирдей тарбиялануусу абзел. Мисалы: дене аба, суу, күнүмдүк тамак, жылуулук, тазалык, кыймыл-аракетке муктаж болгон сыяктуу эле, акыл да ар кандай билимдердин булагына, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн уюткусуна муктаж, ал эми рух же жан дүйнө метафизикалык өзгөчөлүккө ээ болгондуктан, ал дагы ишеним, үмүт, максат, жылуу сезим,тилек,сүйүү, намыс, сыймык сыяктуу түбөлүктүү түшүнүктөр менен азыктандырылышы керек. Аңсыз адам-адам эмес. Өнүккөн батыш өлкөлөрүндө адам факторунун материалдык жагдайына мыкты көңүл бурулуп, адамдын ички сезими, руханий дүйнөсү жакырланып же унутта калган. Ал эми адам баласы дүйнө жүзүндөгү башка жандыктардан дене түзүлүшү менен гана эмес, акыл-эсинин артыкчылыгы менен, тили жана ички дүйнөсү менен айырмаланып турат. Ошондуктан чыныгы инсан деп ар тараптан мыкты тарбияланган адамды айта алабыз. Курсагы ток, эс-акылы чектелген, сезими сенек, эмгек кылбаган адам биологиялык жактан тирүү адам деп саналганы менен, өлүктөн же айбандан айырмасы жок болуп эсептелет. Андай адамдар кара курсактын, өзүмчүлдүктүн, ач көздүктүн айынан ар кандай жамандыктарга көп барышы, коомго, жаштарга терс таасирлери көп болушу да мүмкүн. Ал эми коомдогу жаман оору тез өөрчүп, артынан көп сандаган жамандыктарды адам баласына алып келерин турмуштук көп мисалдардан көрүүгө болот. Кыргыз элинде «Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста» деген накыл кеп бар. Жакшы адамды, эл үчүн күйгөн акылдуу, абийирдүү адамды өстүрүш, тарбиялаш оңой нерсе эмес.

Бир личностту тарбиялоо үчүн Гүлен мырза үч негизги факторго көңүлүбүздү бурат. Алар: үй-бүлө, чөйрө жана басма сөз (медиа) болуп эсептелет.

Үй-бүлө тарбиясы. Бала төрөлгөндөн тартып ар нерсеге мамилеси, дүйнөгө болгон көз карашы, билим алуусу жана инсандык сапаттары үй-бүлөдө калыптана баштайт. Балада кыймыл-аракеттин, жүрүш-туруштун, адеп-ахлактын, ар кандай адаттардын калыптанышында үй-бүлө мүчөлөрүнүн таасири өтө чоң. Ф.Гүлен кичине баланы бир актай кагазга окшотот. Актай кагазга каалаганыңды жазсаң болот, аны өчүрсөң да изи калат.Наристенин психологиясы да кагаз сымал таза,көргөн жана уккан нерселерин анализдөөсүз кабыл алат. Анткени кичине кезде жакшы менен жаманды айырмалап билүү өтө кыйын.Эң негизги көмүскө акылдын калыптануу процессин 3-5 жаш ортосунда болоорун баса белгилейт. Ушул учурда үй-бүлөдө ата-эне жана улуулар жалаң жакшы жагы менен үлгү болуулары абзел. Бала эл арасында өзүн кандай алып жүрүш керектигин, сүйлөшүү адебин, башкалар менен мамиле түзүүнү үй-бүлөдөн үйрөнө баштайт. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген кыргыз эл макалындагы таамай айтылган ой Гүлендин чыгармаларынын өзөгүн ээлейт. «Бир элдин жана коомдун уникалдуулугу үй-бүлөдөн, түгөйлөрдүн кол кармашып курган уясынан башталат, ошондуктан тарбия түбөлүк болуш үчүн уядан башталыш керек»[3] деп баса белгилейт Гүлен мырза «Уруктан чынарга» аттуу китебинде. Бул китеп жалаң баланы кандай тарбиялоо керек экендигин кенири түшүндүрүүгө арналган.

Чөйрө. Турк элинде бул тууралуу жакшы макал айтылат: «Досундун ким экенин айт, мен сенин ким экендигинди айтайын». Гүлен мырза акылман ойлорунда жаштарга жаман чөйрөгө аралашмак тургай , андай жерден алыс болууну эскертет. Жаман иштер азгырыктар адамды өзүнө тартып турат, жаман иштер ууланган бал сымал, жеп жатканда таттуу сезилет, жегенден кийин адамды кыйнап өлүмгө чейин алып бара турганын мисал келтирет. Берген конференцияларынын биринде жамандыктардын келип чыгышы, өөрчүшү тууралу: «Бир локма, бир опме, бир бакма иле башлар» дейт. Бир локма – бул бир сындырым нан , бир үзүм тамак. Мисалы бир эле жолу башка бирөөдөн кичине пара алайын дейсин, напсинди тыя албай уланып кетет, ошентип паракорго айланасың. Бир өпме – бул бир өбүү, бир өбүшүп көрөйүн деп бузукулукка эшик ачасын. Ал эми бир

---

[3] М. Фетхуллах Гүлен. «Чекирдектен Чынара» китеби.NILYayinlari 2011. 40-бет.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

бакма – бул бир жолу карап көрүүү, арамга бир жолу назарыңды  салсан напсин бузулуу дагы көргүсү келет. Демек жаман нерсенин кичине-чоңу жок, бүгүн кичине болгон менен эртең чоң болуп чыга келет. Ушул ойлорун угуп отуруп, чөйрөбүздө оюн автоматтары менен башталып, кумарга чейин уланган көрөүнүштөрдүн жыйынтыгы өзүн-өзү өлтүргөнгө алып келип жатканын  көрүп, айтылгандарды туура дебей койбойсуң.

Массалык маалымат каражаттары. Учурда басма сөз  жалпы эле адамзаттын көйгөйлүү маселеси. Саны көп, сапаты көзөмөлгө алууга мүмкүн болбой калган азыркы учурда, өлкөбүздөгү массалык маалымат каражаттарынын дүйнөлүк денгээлден артта калышпайт. Атын билбеген газета-журналдар, телевидениелерден көрсөтүлүп жаткан жаман көрүнүштөр, айрыкча илимдин өнүгүүсү аркылуу өнүгүп жаткан интернет байланышы жаштардын руханий жактан тарбия алышына эбегейсиз терс таасирин тийгизүүдө.

Жакын туугандарыбыздын 5-7 класстарда окуган балдары телевизордон кореянын сериалын көрүп жатып, алдын ала актерлор эмне деп суйлөрүн же кандай көрүнүш болорун  айтып жатышты. Кайдан билерин  сураганыбызда, бул сериалды 13-жолу көрүп жаткандыктарын айтышты. 18 сериядан турган фильмди 13-жолу көрүп жаткандыктарын көрүп ойлонбой койбойсуң. Азыр кичинекей балдар мультфильмдерди, ар кандай оюндарды жатка билишет, эртең менен көзү ачылгандан кечке уктаганга чейин компьютер, телевизордон кетишпейт, чоңураактары интернеттен, уюлдук телефондон чыгышпайт. Күн-түн дебей, ал тургай мектептен качып, интернет кафелерде отурган мектеп окуучуларын жолуктуруу көнүмүш көрүнүшкө айланган. Тилекке каршы, эң жаманы балдардын, жаштардын, өспүрүмдөрдүн мындай көз карандылыгына улуулар, ата-энелер кайдыгер карап, заман ушундай деп айласыз алакан жайгандыгында. Мындай кайдыгерликтин арты, чар жайыттыктын арты жакшы нерселерге алып келбеси бышык. Бул тууралуу М.Ф. Гүлендин бир ой жүгүртүүсүн дүйнөгө  сабак ирээтинде айта кетсек. Бир жолу жүрөк операциясынан  кийин Гүлен мырза электрондук креслодо отурган экен. Дүйнө жүзүндө адамдар өзүлөрү ойлоп тапкан техникалар менен төгүлүп жаткан канды, кыйрап жаткан өмүрлөрдү көрүп туруп: «Адам өзү ойлоп тапкан технологияларды туура колдонсо, мендей болуп анын үстүнө отурат, туура пайдаланалбаса адам анын кулу болот»,- дептир. Адамзат бүгүн өзү ойлоп тапкан техниканы өзүнө каршы колдонуп жаткан көрүнүштөр өтө эле көп. Телевидение, интернет да туура колдонулса адамга кызмат кылат, туура пайдаланылбаса адамга орду толгус зыян алып келет.

Гүлен идеясы менен ачылган дүйнө жүзүндөгү  миндеген мектептердин түзүлүшүн, билим берүү философиясын туура жана ачык талдоо үчүн проф. Д.Догу Эргил тарабынан Гүлендин өзү менен жүргүзүлгөн «100 суроодо  Фетхуллах Гүлен жана анын кыймылы» аттуу  суроо-жоопторунан  чагылдырууну туура көрдүк.[4]

– “ Эмне себептен Гүлен кыймылы билим берүүгө өтө маани берет жана билим берүү эн негизги иш- аракети болуп саналат?”

– Инсан билим жана маалымат аркылуу гана жашап жаткан өз чөйрөсүн жакшы түшүнө алат. Адам баласы өзүн канагаттандырыш үчүн, дүйнөгө салым кошуусу үчүн, биз жашап жаткан доорду жакшы талдай билиши үчүн билим жана маалымат өтө керек. Дүйнөлүк интеграцияда билим  өтө маанилуу. Бүгүнкү күнү эч бир мамлекет жалгыз өнүгө албайт. Ал эми дүйнө интеграциясынын жолу заманбап билим аркылуу гана болот.

–  Мектеп ачуу жана келечек  муунду тарбиялоо идеясы кантип келип чыкты?

– Бизден адам болбойт, бизден түшүнүктүү илимпоздор, новаторлор чыкпайт деген психологиялык фануста экендигибизди ойлондум.Ушул фанустан сыртка чыгып, өзүбүздү дүйнөгө көрсөтсөк деген ойдо элем. Акыркы учурда бул фанустан сыртка чыга алдык. Мурунтан эле билим берүүгө маани берчүмүн. Өзүмдүн турмушумда да бул кемчиликти жоюуга аракет кылдым. 1970-жылдары менчик мектептерди ачууга уруксат берилди.

---

[4] Проф. Др. Догу Эргил. «100 суроодо Фетхуллах Гүлен жана анын кыймылы». Тимаш-2010. 300-340 бет.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Чөйрөмдөгүлөргө сөзсүз билим берүүгө маани бергиле дедим. Мектеп ачкыла, келе ээлерин окуткула дедим”1

Бүт өмүрүн адам баласынын билим алуусуна арнаган улуу инсандын ой пикирлеринин негизинде алгачкы мектеп 15-ноябрда 1982-жылы Измир шаарында «Йаманлар» деген ат менен ачылып, азыркы күндө да ийгиликтуу иштеп келет. Андан соң Түркиянын төрт тарабында «Фатих», «Азизийе», «Саманйолу» деген аталыштагы ондогон мектептер ачылган. 1989-жылы ноябрь айында Стамбул шаарындагы Сулеймание мечитинде Ф.Гүлен Орто Азия тууралуу жалпы элге маалымат берген. Гүлен мырза өз сөзүндө Орто-Азиядагы мектептерди ачуу идеясын Мустафа Кемал Ататүрктөн алгандыгын эскерет. Ататүрк: «Советтер союзу бугун биздин кошунадыз, өнөктөшүбүз. Бирок эртең Австрия-Венгрия сыяктуу ыдырашы мумкун. Ошол учурда ал жердеги тили, дини бир болгон туугандарыбыздын бар экендигин унутпагыла» дегендигин эскертет. Кайрадан 100 суроо китебине кайрылалы.

– Бул мектептердин кандай максаттары бар? – деген суроого Гүлен мындайча жооп берет.

– Сүйүү, достук, айкөлдүүлүк жана маданияттардын ортосундагы диалогду, айланышты негиз алган, өздөрүнүн улуттук жана руханий баалуулуктарын билген, дүйнөнү жакшы тааныган, өздөрүнүн ортосунда тынчтык көпүрөлөрүн курган жаштарды тарбиялоо негизги максат болуп эсептелет. Мектептерди ачуудагы максаттардын дагы бири – мамлекеттердин жүгүн жеңилдетүү. Өздөрүнүн баалуулуктарын алдыга койгон, дүйнөлүк баалуулуктарды туура талдай билген жаштарды тарбиялоо зарыл, адам баласы билим аркылуу эң жогорку чекке жетиш үчүн дүйнөгө жаратылган”

Андан ары мектептердин сапаты тууралуу берилген суроого Гүлен Мырза; дүйнөлүк олимпиадалардагы алынган орундарды, бүтүрүүчүлөрдүн дээрлик жалпысынын эң мыкты жогорку окуу жайларда билим алып жаткандыктарын мисал келтирип жооп берген. Кошумчалай кетсек, Анкара шаарындагы Гүлен кыймылынын мектептеринин бири «Саманйолу» лицейи ачылган күндөн тартып 27 жылдын ичинде 150дөн ашуун эл аралык олимпиадаларга катышып, алтын, күмүш, коло жана мамлекеттик олимпиадалардан 400дөн ашуун алтын медалдарга жетишишкен. Мектептердин материалдык жабдылыштары тууралуу суроолорго өлкөбүздө 15 мектеп, 1 университети менен билим берип жаткан «Себат» билим берүү мекемелерин мисал катары көрсөтүүгө болот.

Көптөгөн атуулдарды кызыктырып келаткан суроолордун бири – бул мектептердин диний билим берип-бербегендиги. Гүлен мырзанын жообу: «Бул мектептерде диний билим берилбейт. Мектептерде адаттагы формалдык, белгилүү бир типтеги билимге караганда, көбүрөөк ойлонууга, өз алдынча изденүүгө багытталган билим берилип жатат деп ойлойм. Билим берүүнү окуучуларга форма кийгизүү сыяктуу жөнөкөй маселе катары кароого болбойт, жеке өзгөчөлүктөрдү эске алууга маани берүү менен кароо керек. Учурда мектептер замандын талабына ылайык так илимдерге маани берип жатышат, ошондуктан окуучулар жеке жөндөмдүүлүктөрүн, маданият жана исскусство боюнча чеберчиликтерин толук көрсөтө албай жатышы мүмкүн. Бул мектептердин жана билим берүүнүн гана талабы эмес, замандын, учурдун талабы болуп жатат. Ал эми ар бир окуучу менен иштеше келгенде окуучулардын түрдүү жөнөмдүүлүктөргө, таланттарга ээ экендиктерин көрөсүн».

Гүлен мектептеринде билим берүү негизинен жергиликтуу тилде жүргүзүлөт. Математика, химия, биология, физика жана информатика сабактары англис тилинде окутулат. Түрк тили экинчи чет тил катары үйрөтүлөт. Кээ бир мамлекеттерде түрк тили тандоо сабагы катары бекитилген. Билим берүү программалары, окуу планы ошол өлкөнүн Билим беруу министрликтери тарабынан бекитилип, текшерилип турат.

“Учурда кыйын абалды башынан өткөрүп жаткан Авганистан, Ирак, Филипин, Босния-Герцеговиния сыяктуу өлкөлөрдө да мектептериниздер барбы?” - деген суроого Гүлен мырза мындай деп жооп берген: «Авганистан, Ирак, Филипин, Босния-Герцоговинияда мектептер бар. Бул мектептер тынчтык үчүн күрөштүн эң мыкты үлгүсү

болуп эсептелет. Аталары сыртта согушуп жатканда, окуучулар бир партада дос[illegible] мамиледе билим-тарбия алып жатышат».2

Жогоруда белгиленгендей, дүйнө жүзүндө М. Фетхуллах Гүлендин ой-пикирлерин, көз караштарын ар тараптуу ишке ашырууга аракет кылгандардын саны көбөйүп, аткарылган иштердин жыйынтыктары элге дайын боло баштаган сайын, анын чыгармаларын, иш- арекеттерин изилдөө максатында жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн да, уюштурулган ар кандай иш-чаралардын да күн санап саны артууда. Көрүнүктүү илимпоздор, коомдук ишмерлер жана саясий чөйрө тарабынан Гүлен кыймылы чоң кызыгуу менен талкууга алынып, татыктуу баа берилип жатат. Аларды атап кете турган болсок:

1. 28-октябрь – 4-ноябрь 2008-жылы Эгипет, Каир шаарында Россия Илимдер Академиясынын Чыгыш таануу Институту, Россия Федерациясынын Тышкы иштер министрлиги, Эл Аралык Диалог Евразия платформасы жана “Европа -маданияттан тынчтыкка” уюму «Египет жана Жакынкы чыгыш өлкөлөрүндөгү маданий салттар. Кечээ, бүгүн жана эртең» аттуу конференцияда «Ислам чөлкөмүндө, дүйнөдөгү маданияттар ортосундагы диалог жана бирдикте жашоо практикасы. Гүлен кыймылы» деген доклад тааныштырылды.
2. 14-15 ноябрь 2008- жылы АКШнын Жоржтаун университети, Мусулман – Христиан келишим борбору (CMCU) жана «Руми» форумунунун биргеликте өткөргөн «Глобалдуу кыйынчылыктар доорундагы Ислам: Гүлен кыймылынын альтернативдүү перспективасы» аттуу конференцияга Америка, Австралия, Австрия, Франция, Англия, Канада жана Турциядан илимпоздор чогулушуп Гүлен кыймылынын иш аракеттери тууралуу 40 доклад талкууланды.
3. Россиянын парламенти, Россия Илимдер академиясы жана Россия либералдык партиясы менен биргеликте 2008-жылдын 15- сентябрында «Махатма Ганди жана Фетхуллах Гүлендин идеялары» аттуу конференция өткөрдү.
4. 2005- жылы 14-15- ноябрда АКШда Чикаго университети «Гүлен кыймылы жана диндер аралык диалог» аттуу панел уюштурду.
5. 14-15- ноябрь 2005-жылы АКШ Райс университетинин Бониук диний толеранс изилдоо борбору, Диндер аралык Институту жана Хюстон университети «Учурдагы дүйнөдо Ислам: ойлор жана практикадагы Фетхуллах Гүлен кыймылы» аттуу симпозиум өткөрүп, дүйнөнун түрдүү континенттеринен илимпоздор катышышты.
6. Ушундай эле аталыштагы иш-чара 5-6- ноябрь 2006-ж Оклахома университетинде өткөрүлдү.
7. Эн маанилүүлөрүнүн бири Улуу Британия парламенти Лорддор камерасында 50гө жакын академиктердин жана көп сандагы лорддордун катышуусунда «Өзгөргөн Ислам дүйнөсү: Фетхуллах Гүлен кыймылынын салымдары» аттуу конференция өткөрдү. Академиктер Гүлен аксакалды «Руханий мугалим» деп аташты.
8. Голландиянын Эрасмус университети тарбынан 23-25-ноябрь 2007-жылы өткөрүлүп, 2 күнгө созулган «Тынчтык менен биргеликте жашоо: Фетхуллах Гүлендин учурдагы дүйнөдө тынчтык аракеттери» аттуу конференцияга 400дөн ашуун илимпоз, саясатчы жана студенттер катышып, илимпоздор өтө таасирленишкен. (1)
9. 26-октябрь 2010- жылы Джакартадагы Индонезия университетинде «Гүлендин билим берүү модели» деген темада илимий конференция өтүлүп, 14 өлкөдөн катышкан 32 академиктин докладдары талкууланган
10. 28-январь 2011-жылы Техас штатынын Сенаты “Глобалдуу тынчтыкка жана түшүнүккө салым кошкондугу үчүн Түрк-Ислам аалымы М. Фетхуллах Гүленди сыйлоо чечимин кабыл алышты. Губернатордун орун басары Давид Девхурс сенаттын чечимин (№: 85) билдирди: «Техас сенаты эл аралык тынчтык жана түшүнүккө илхам берип келе жаткан Фетхуллах Гүленге терең ыраазычылык билдирет». Чечимди Эрдис Лучио, Трой Фразер, Жон Хуффман, Жейн Нелсон жана Летисиа ван де Путте өңдүү демократ жана жумуриятчы сенаттар сунушташкан.

11. 27-февраль 2009-жылы Бишкек шаарында «Жусуп Баласагындан Фетхуллах Гүленге карай: айколдук жана толеранттуулук» деген темада эл аралык конференция өткөрүлдү.Конференция Нарын, Каракол жана Ош жергелеринде улантылды.

Жогоруда белгиленгендей М. Фетхуллах Гүлендин ой-пикирлерин жана билим берүүгө көз караштарын, дүйнөнү өзгөртүүгө салымдарын изилдөө максатында жүздөгөн иш-аракеттер өткөрүлдү. Бир макала менен улуу аалымдын билим берүүгө болгон көз караштарын чагылдыруу өтө кыйын. Бирок ааламдашуу доорундагы жаңылануу процессин башынан өткөрүп жаткан өлкөбүзгө дүйнө жүзүндөгү маанилүү жаңылыктардан бир үзүм тааныштырууну туура көрдүк.

Глоссарий:

Уникалдуу-

Конфуций – Кытай философу. б.з.ч. 551-479 жылдар.

Эфлатун – Грек философу, математик, жазуучу жана Афина академиясынын негиздөөчүсү. Б.з.ч. 427-347 жылдар

интеграция-

фагус-

лорд-

модель-

сенат-

**Адабияттар:**

1. Carroll..J. “A dialogue of civilizations: Gulens Islamic ideals and humanistic discourse”. The Light, Sommerset, NJ 2007.
2. “ForeignPolicy” журналы 2008-ж. Вашингтон
3. «ЧекирдектенЧынара» китеби. NIL Yayinlari 2011. 40-б. М. Фетхуллах Гулен. .
4. Диалог Евразия журналы жаз 2009. N: 28. 40-47-б.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com